| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>МОСКВА РАЙОНУ<br>МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>МОСКОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>МИН-БУЛАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**Мин-Булак айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин I-чакырылышы**
**ТОКТОМ №85**

15-август 2025-жыл — Садовое а.

**Александровка айылындагы физкультура-саламаттыкты сактоо комплексинин жана маданият үйүнүн имаратын ижарага берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 «Муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамына ылайык, муниципалдык менчиктеги объекттерди ижарага берүүгө макулдук берүү боюнча Мин-Булак айыл өкмөтүнүн башчысынын маалыматын угуп жана талкуулап, Мин-Булак айыл аймагынын кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Мин-Булак айыл өкмөтүнө төмөнкү муниципалдык менчик объекттерин ижарага берүүгө макулдук берилсин:
1.1. Чүй облусу, Москва району, Александровка айылы, Спортивная көчөсүндө жайгашкан Физкультура-саламаттыкты сактоо комплексинин имараты;
1.2. Чүй облусу, Москва району, Александровка айылы, Фрунзе көчөсүндө жайгашкан Маданият үйүнүн имараты.

2.Мин-Булак айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык муниципалдык менчик объекттерин ижарага берүү тартибин өткөрсүн.

3.Ушул токтомдун аткарылышына көзөмөл кылуу айылдык кенештин билим берүү, саламаттык сактоо, социалдык-маданий маселелер, спорт жана жаштар иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** — **Булазова Г.Т.**